КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН
**МЫЙЗАМЫ**

# ЗАКОН
## КЫРГЫЗСКОЙ РЕСПУБЛИКИ

**"Кыргыз Республикасындагы риэлтордук иш жөнүндө"**
**Кыргыз Республикасынын Мыйзамына өзгөртүүлөрдү киргизүү тууралуу**

2016-жылдын 14-апрелинде — Кыргыз Республикасынын Жогорку Кеңеши тарабынан кабыл алынган

**1-берене**

"Кыргыз Республикасындагы риэлтордук иш жөнүндө" Кыргыз Республикасынын Мыйзамына (Кыргыз Республикасынын Жогорку Кеңешинин Жарчысы, 2003-ж., № 12, 555-ст.) төмөнкүдөй өзгөртүүлөр киргизилсин:

1) 1-статьянын 2-бөлүгүнүн үчүнчү абзацында "Кыргыз Республикасынын "Банкроттук (кудуретсиздик) жөнүндө Мыйзамына" деген сөздөр "банкроттук жөнүндө мыйзамдарга" деген сөздөргө алмаштырылсын;

2) 2-статьянын бешинчи абзацы күчүн жоготту деп таанылсын;

3) 3 жана 4-статьялар төмөнкүдөй редакцияда баяндалсын:

"3-статья. Риэлтордук ишти жөнгө салуучу мыйзамдар

Кыргыз Республикасынын риэлтордук ишти жөнгө салуучу мыйзамдары Кыргыз Республикасынын Конституциясынан, ушул Мыйзамдан жана риэлтордук ишти регламенттөөчү башка ченемдик укуктук актылардан, ошондой эле Кыргыз Республикасы катышуучусу болуп саналган, мыйзамда белгиленген тартипте күчүнө кирген эл аралык келишимдерден турат.

4-статья. Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн риэлтордук иш чөйрөсүндөгү ыйгарым укуктары

Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн риэлтордук иш чөйрөсүндөгү ыйгарым укуктарына төмөнкүлөр кирет:

–риэлтордук ишти өнүктүрүү боюнча бирдиктүү мамлекеттик саясатты жүргүзүү;

–мамлекеттик бийлик органдарынын риэлторлор жана алардын бирикмелери менен өз ара аракеттенүүсүн камсыз кылуу.";

4) 6-статья күчүн жоготту деп таанылсын;

КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН
**МЫЙЗАМЫ**

# ЗАКОН
## КЫРГЫЗСКОЙ РЕСПУБЛИКИ

**О внесении изменений в Закон Кыргызской Республики**
**«О риэлторской деятельности в Кыргызской Республике»**

Принят Жогорку Кенешем Кыргызской Республики — 14 апреля 2016 года

**Статья 1**

Внести в Закон Кыргызской Республики «О риэлторской деятельности в Кыргызской Республике» (Ведомости Жогорку Кенеша Кыргызской Республики, 2003 г., № 12, ст. 555) следующие изменения:

1) в абзаце третьем части 2 статьи 1 слова «Законом Кыргызской Республики «О банкротстве (несостоятельности)» заменить словами «законодательством о банкротстве»;

2) абзац пятый статьи 2 признать утратившим силу;

3) статьи 3 и 4 изложить в следующей редакции:

«Статья 3. Законодательство, регулирующее риэлторскую деятельность

Законодательство Кыргызской Республики, регулирующее риэлторскую деятельность, состоит из Конституции Кыргызской Республики, настоящего Закона и иных нормативных правовых актов, регламентирующих риэлторскую деятельность, а также вступивших в установленном законом порядке в силу международных договоров, участницей которых является Кыргызская Республика.

Статья 4. Полномочия Правительства Кыргызской Республики в сфере риэлторской деятельности

К полномочиям Правительства Кыргызской Республики в сфере риэлторской деятельности относятся:

–проведение единой государственной политики по развитию риэлторской деятельности;

5) 18-статьяда:

а) үчүнчү абзацы төмөнкүдөй редакцияда баяндалсын:

"–риэлтордук фирманын (риэлтордун) ыйгарым укуктары менен таанышууга;";

б) төртүнчү абзацында "керектүү бардык" деген сөздөр алып салынсын;

6) 19-статьянын экинчи абзацында "акыл-эстүү жана ак ниет," деген сөздөр алып салынсын;

7) 20-статьянын бешинчи абзацында "тийиштүү мөөнөттөрдүн ичинде" деген сөздөр алып салынсын;

8) 22-статьянын 1-пунктунда "ыйгарым укуктуу органдар жүргүзүүчү" деген сөздөр алып салынсын;

9) 23-статья төмөнкүдөй редакцияда баяндалсын:

"23-статья. Юридикалык жактар жөнүндө маалыматтарды жана жарандар тууралуу жекече маалыматтарды берүүнүн шарттары

1. Риэлторлорго юридикалык жактар жөнүндө маалыматтарды берүү юридикалык жактардын, филиалдардын (өкүлчүлүктөрдүн) бирдиктүү мамлекеттик реестрине киргизилген маалыматтардын көлөмүндө жүзөгө ашырылат.

2. Риэлторлорго жарандар жөнүндө жекече маалыматтарды берүү төмөнкүдөй көлөмдө жүзөгө ашырылат:

–жарандардын жашаган жеринин даректери боюнча катталуу (каттоо) фактылары жөнүндө маалыматтардын;

–турак жай жана турак жай эмес фонддордун объекттери жөнүндө көрсөтүлгөн органдар жүргүзүүчү документтерге киргизилүүчү маалыматтардын;

–жарандардын өзгөчө категорияларына кирген адамдардын (жашы жете элек жарандар жана белгиленген тартипте аракетке жөндөмсүз деп таанылган башка адамдар, майыптар, пенсионерлер) кыймылсыз мүлккө укуктарынын мүнөзүн жана мазмунун белгилөө үчүн зарыл болгон маалыматтардын;

–жарандык абалдын актыларын каттоо журналдарына киргизилүүчү маалыматтардын;

–адистештирилген дарылоо мекемелеринде каттоодо турган жарандардын абалы жөнүндө маалыматтардын.

3. Риэлторго жарандардын бала асырап алганынын фактылары жөнүндө маалыматтарды суроо-талаптын жана жагдайлардын мүнөзүнө жана мындай маалыматтарды сураткан риэлтор шилтеме жасаганына карабастан берүүгө жол берилбейт.

4. Риэлторго ушул статьянын 3-пунктуна ылайык таркатууга жол берилбеген жарандар жөнүндө жекече маалыматтарды берүүгө күнөөлүү кызмат адамдары Кыргыз Республикасынын мыйзамдарында белгиленген жоопкерчиликке тартылышат.

5. Риэлторлор жана риэлтордук фирманын кызматкерлери тарабынан бүтүм жүргүзүүнүн жүрүшүндө алынган жана таркатууга жатпаган жекече маалыматтардын таркатылышы Кыргыз Республикасынын мыйзамдарына ылайык жоопкерчиликке тартуу үчүн негиз болуп саналат.";

10) 24 – 27-статьялар күчүн жоготту деп таанылсын;



–обеспечение взаимодействия органов государственной власти с риэлторами и их объединениями.»;

4) статью 6 признать утратившей силу;

5) в статье 18:

а) абзац третий изложить в следующей редакции:

«–ознакомиться с полномочиями риэлторской фирмы (риэлтора);»;

б) в абзаце четвертом слова «всю необходимую» исключить;

6) в абзаце втором статьи 19 слова «разумно и добросовестно» исключить;

7) в абзаце пятом статьи 20 слова «в разумно необходимый срок» исключить;

8) в пункте 1 статьи 22 слова «ведущийся уполномоченным органом» исключить;

9) статью 23 изложить в следующей редакции:

«Статья 23. Условия предоставления сведений о юридических лицах и персональных сведений о гражданах

1. Предоставление риэлторам сведений о юридических лицах осуществляется в объеме сведений, включенных в единый государственный реестр юридических лиц, филиалов (представительств).

2. Предоставление риэлторам персональных сведений о гражданах осуществляется в объеме:

–сведений о фактах прописки (регистрации) граждан по адресам их места жительства;

–сведений, включаемых в ведущуюся указанными органами документацию об объектах жилого и нежилого фондов;

–сведений, необходимых для установления характера и содержания прав на недвижимое имущество лиц, относящихся к особым категориям граждан (несовершеннолетние граждане и иные лица, признанные в установленном порядке недееспособными, инвалиды, пенсионеры);

–сведений, включаемых в журналы регистрации актов гражданского состояния;

–сведений о состоянии граждан на учете в специализированных лечебных учреждениях.

3. Предоставление риэлтору сведений о фактах усыновления граждан не допускается вне зависимости от характера запроса и обстоятельств, на которые ссылается запрашивающий такие сведения риэлтор.

4. Должностные лица, виновные в предоставлении риэлтору персональных сведений о гражданах, разглашение которых не допускается в соответствии с пунктом 3 настоящей статьи, несут установленную законодательством Кыргызской Республики ответственность.

5. Разглашение риэлторами и сотрудниками риэлторской фирмы персональной информации, полученной в ходе проведения сделки и не подлежащей разглашению, является основанием для привлечения к ответственности в соответствии с законодательством Кыргызской Республики.»;

11) 28-статьяда:

а) алтынчы абзацы төмөнкүдөй редакцияда баяндалсын:

"– керектөөчүгө кыймылсыз мүлк рыногундагы риэлтордук кызмат көрсөтүүлөр чөйрөсүндөгү ченемдик укуктук актылар жөнүндө маалымат берүүгө;";

б) он биринчи абзацында "Терроризмди каржылоого жана кылмыш жолу менен алынган кирешелерди легализациялоого (адалдоого) каршы аракеттенүү жөнүндө" Кыргыз Республикасынын Мыйзамында" деген сөздөр "терроризмди каржылоого жана кылмыш жолу менен алынган кирешелерди легалдаштырууга (адалдоого) каршы аракеттенүү чөйрөсүндөгү мыйзамдарда" деген сөздөргө алмаштырылсын;

12) 35-статьянын 3-пунктунда "ага жетиштүү болгудай убакыттын ичинде" деген сөздөр алып салынсын;

13) 39-статьянын 2-пунктунун төртүнчү абзацында "санитардык-гигиеналык, өрткө каршы жана экологиялык ченемдерге" деген сөздөр "техникалык регламенттердин белгиленген талаптарына" деген сөздөргө алмаштырылсын;

14) 42-статьянын 3-бөлүгү төмөнкүдөй редакцияда баяндалсын:

"Риэлторлордун кесиптик жоопкерчиликтерин камсыздандыруунун стандарты Кыргыз Республикасынын Өкмөтү тарабынан аныкталат.".

**2-берене**

Ушул Мыйзам расмий жарыяланган күндөн тартып он беш күн өткөндөн кийин күчүнө кирет.

**Кыргыз Республикасынын**
**Президенти** **А.Ш. Атамбаев**

Бишкек ш.
2016-жылдын 20-майы
№ 69



10) статьи 24 – 27 признать утратившими силу;

11) в статье 28:

а) абзац шестой изложить в следующей редакции:

«–информировать потребителя о нормативных правовых актах в сфере риэлторских услуг рынка недвижимости;»;

б) в абзаце одиннадцатом слова «Законом Кыргызской Республики «О противодействии финансированию терроризма и легализации (отмыванию) доходов, полученных преступным путем» заменить словами «законодательством в сфере противодействия финансированию терроризма и легализации (отмыванию) доходов, полученных преступным путем»;

12) в пункте 3 статьи 35 слова «в разумно достаточный для этого срок» исключить;

13) в абзаце четвертом пункта 2 статьи 39 слова «санитарно-гигиеническим, противопожарным и экологическим нормативам» заменить словами «установленным требованиям технических регламентов»;

14) часть 3 статьи 42 изложить в следующей редакции:

«Стандарт страхования профессиональной ответственности риэлторов определяется Правительством Кыргызской Республики.».

**Статья 2**

Настоящий Закон вступает в силу по истечении пятнадцати дней со дня официального опубликования.

**Президент**
**Кыргызской Республики** **А.Ш. Атамбаев**

г. Бишкек
20 мая 2016 года
№ 69